**DOI: 10.33942/sit2019** **УДК:372.881.1**

# СТУДЕНТТЕРДИ ОКУТУУДА ТЕОРИЯ МЕНЕН ПРАКТИКАНЫН БААЛУУЛУГУ

**Б. Б. Нарматова**
Кыргыз-Казак университетинин Лингвистика жана педагогика Билим беруу багытынын доценттин милдетин аткаруучу, ф.и.к., bnarmatova88@gmail.com

***Аннотация:*** *макала теория менен практиканын ЖОЖдо студенттерди окутууда баалуулугун, практиканын турлорун, практика учурунда отулгон этаптарды карайт.*
***Негизги создор:*** *теория, практика, байланыш, этап, окутуу процесси, илим, билим, окуу практикасы, педагогикалык практика, ондуруштук практика.*

# ЦЕННОСТЬ ТЕОРИИ И ПРАКТИКИ ПРИ ОБУЧЕНИИ СТУДЕНТОВ

**Б. Б. Нарматова**
*И.о.доцента, к.ф.н., ОПН «Лингвистика и педагогика» Кыргызско-Казахского университета, bnarmatova88@gmail.com*

***Аннотация:*** *Статья посвящена о ценности теории и практики при обучении студентов в вузе, о видах практики, об этапах прохождения практики.*
***Ключевые слова:*** *теория, практика, связь, этап, учебный процесс, наука, образование, учебная практика, педагогическая практика, производственная практика.*

# THE VALUE OF THEORY AND PRACTICE IN TEACHING STUDENTS

**B. Narmatova**
*Candidate of Philology sciences, Acting Associate Professor of the Linguistics and Pedagogy Educational Programs, Kyrgyz-Kazakh University, bnarmatova88@gmail.com*

***Annotation:*** *The article is devoted to the value of theory and practice in teaching students at the university, about the types of practice, about the stages of practical training.*
***Keywords:*** *theory, practice, communication, stage, educational process, science, education, educational practice, pedagogical practice, industrial practice.*

**Киришүү.** Студент биринчи кундон жогорку окуу жайдын босогосун аттагандан баштап, келечекте өзүн ким боло турганын так чечип алыш керек. Ошол максатка жетиш учун аракет кылыш керек. Мисалы, лингвистика багытында практикалык сабактар менен катар эле, теориялык сабактар тең окутулат.

**Теманын актуалдуулугу жана маселенин коюлушу**. Практиканын түрлөрү ар бир ЖОЖдун билим берүү багыттарынын программалары тарабынан белгиленет. Ар бир практиканын максаты, маселелери, программалары жана отчету жогорку окуу жайлар тарабынан чечилет.

Окуу практикасы студенттердин жалпы-кесиптик сабактарда алган теориялык билимдерин практика жүзүндө бышыктоого багытталган. Студент-практиканттар өздөрүнүн иш аракеттеринин жыйынтыгын көндүмдөрдү үйрөнүү менен ээ болушат. Окуу практикасын өтүү менен студенттер тигил же бул багытта өз алдынча иштөө керектиги жана атайын көндүмдөрдү билүү керектигин аныкташат.

Өндүрүштүк практиканын максаты- студенттерди түздөн-түз практикалык ишке киришүүгө, аларда кесиптик көндүмдөрдүн практика учурунда окуу жана тарбиялык иштерде колдоно алышына мүмкүнчүлүк түзүлөт [2].

Педагогикалык практика учурунда, студенттер мугалимдин заманга ылайык педагогикалык илимдерге дал келген кесипкой сапаттарына ээ болушат.

Педагогикалык практика учурунда студенттер сабак өтүүдөн сырткары, өздөрүнүн квалификациялык ишинин экинчи бөлүмүнүн үстүндө да иштешет. Темаларынын теориялык жагын биринчи бөлүмдө изилдеп, анын практикалык жагын өтүп жаткан сабактарында бышыктап, анализдеп, жыйынтыкташат.

Ошондуктан, теория менен практиканын байланышын томонку уч тараптан карасак туура болот [1].

Биринчиден, практика каалагандай теориянын, ар кандай илимдин башаты, соолубас булагы катарында кызмат кылгандыгы менен шартталат. Илим адам баласынын дүйнөнү таанып-билүү зарылчылыгы менен пайда болуп, калыптанып, анын андан ары өсүп-өнүгүшүнө да өбөлгө түзөт. Ушуга окшош эле, окутуу процессинде практика, студенттер үчүн жаңылык болгон түшүнүктөрдү жана закон ченемдүүлүктөрдү окуп үйрөнүүнүн алгачкы, башталыш пункту катарында да кызмат кыла алат. Бул максатта студенттердин турмуштук тажрыйбасы, алар аткарган рефераттардын, курстук иштердин жыйынтыктары, ошондой эле практиканын жана өндүрүштүн талаптарынан улам келип чыккан илимдеги ири ачылыштар жөнүндөгү окутуучунун аңгемеси жана башка нерселер пайдаланышы мүмкүн.

Экинчиден, теория менен практиканын байланышы ар кандай теориянын толук кандуулугунун чен өлчөмү практика экендиги менен аныкталат. Ушуга байланыштуу, окутуу процессинде, мазмундук мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушуна жараша, теориялык мүнөздөгү тигил же бул маалыматтардын чындык экендигине эксперименттин, атайылап түзүлгөн тапшырмаларды аткаруунун жана башка натыйжаларга таянуу аркылуу студенттерди ынандыруу максатка ылайыктуу.

Үчүнчүдөн, теория менен практиканын байланышы, практика менен теорияны колдонуунун, пайдалануунун сферасы болгондугунда турат. Практикалык ар түрдүү билимдерди кеңири колдонуу белгилүү деңгээлде, теориялык илим-билимдин өзүнүн байышына, кеңейишине гана алып келбестен, ошону менен бирге эле анын чыныгы түрдө жалпыланышына жана ийкемдүү болушуна да шарт түзөт.

Мына ушуга байланыштуу илимий-изилдөө милдегтеринин бири болочок педагогдордун азыркы кезде өкүм сүрүп жаткан педагогикалык практикада жүрүшкөн учурунда алардын окуучуларды сабактарда жана класстан тышкаркы иштерде комплекстүү тарбиялоону кандайча жүзөгө ашырышкандыктарын дыкаттык менен анализдеп чыгуу негизги иш болуп саналат. Мектептерде тарбиялык шптерге студент-практиканттарды каныктыра даярдоонун эффективдүүлүгүн жогорулатуунун алгылыктуу ыкмаларын жана жолдорун иштеп чыгуу үчүн болочок адистерди педагогикалык практикага мүмкүн болушунча көбүрөөк тартуу жана тарбиялык иштерди арбыныраак өткөрүүгө катыштыруу зарылчылыгы туулуп отурат, Студент-

практиканттардын педагогикалык практиканын жүрүшүндө тарбиялык иштерди турмушка ашыруу боюнча даяр болууларын калыптандыруунун элементтерине мугалимдик жоопкерчилигин сезүү, сабакты мазмундуу жана кызыктуу өтүү, ар бир окуучунун кулк- мүнөзүнө жараша өтө этияттык мамиле жасоо сыяктуу иштер менен тыкыс байланыштырып өтуу киргизилет.

Теория менен практиканын байланышы конкреттүү формалары жана студенттердин акыл-иш аракеттеринде алардын өз ара айкалыштырылышы жана бул максатта колдонулган методикалык каражаттар ар түрдүү болушу мүмкүн экендиги түшүнүктүү.

Ошондуктан, билим алуунун жүрүшүндө, студент илим-билимдердин негиздерин өздөштүрүү менен гана чектелбестен, ошону менен бирге эле, аларды практикалык иш-аракеттерди аткарууда эффективдүү пайдалана билүүнүн тиешелүү жолдорун өздөштүргөнү абзел.

Мында тиешелүү түрдө, чыныгы эмгектенүү менен тыгыз байланышта болгон машыгууларды калыптандыруунун мааниси чоң экендиги талашсыз. Ошол эле учурда практикалык мүнөздөгү маселелерди чечүү, студенттер үчүн жаңы теориялык окуу материалдарын өздөштүрүүгө сүңгүп кирүүнүн, айлана–чөйрөгө карата таанып-билүү кызыгуусунун пайда болушунун жана калыптанышынын булагы болуп калганы жөндүү [3].

Ал эми жогорку окуу жайдын милдети – индивиддин ар тараптуу кесиптик өнүгүүсү үчүн эң жагымдуу, ыңгайлуу шарттарды түзүү жана ушул негизде ийгиликтүү карьера жана өзүн-өзү таануу үчүн негизди куруу. Заманбап жашоонун мектеби сабаттуу жана компетенттүү, мобилдүүлүгү менен айырмалана турган, критикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, ишке чыгармачылык мамилеси бар жана кесипкөйлүк мотивациясы позитивдүү болгог ишкерлерди күтүүдө [9].

Даярдоонун мазмунун тандоодо психологиялык-педагогикалык маанисине эле көңүл бурбастан, коом таануучулук дисциплиналардын да мүмкүнчүлүктөрүн да пайдалануу керек.

Даярдоонун вариативдуу жана инвариативдуу бөлүгүнө көңүл буруу, даярдоонун теориялык, практикалык, психолгиялык аспекттерин чагылдыруу, каралуучу теманын жана анын ичиндеги материалдын бири-бирине логикалык дал келүүсүнө көңүл буруу зарыл.

Даярдоону уюштурууда окутуу чөйрөсүн түзү, даярдоо процессине катышып жаткан субъекттердин өз ара аракет этишүүсүнө, педагогикалык практиканын, тарбия ишинин потенциалына көңүл буруу маанилүү.

Даярдоо этаптарына мотивациялоочу жана маданияттар аралык педагогикалык компеттенттүүлүктү калыптандыруу этабы, практикалык ишин күчөтүү этабы, студенттердин өз алдынча иштоо этабы, маданий билим берүү мейкиндигинде жана социо-маданий өз ара аракеттешүүнү уюштуруу, билим берүү мекемелеринин каралып жаткан көйгөйгө кызыкдар болушу жана даярдоону ишке ашыруучу окутуучулук курамдын компеттенттүүлүгү маанилүү.

**Жыйынтыгы.** Лингвистика багытындагы студенттерди окутуу менен бирге теориялык, методикалык, психологиялык аспекттерди камтып, болочок мугалимде кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган.

Окутуу учурунда портфолио технологиясы студенттерге өз ишмердүүлүгүн пландаштырууга, системалаштырууга, теориялык булактарды анализдөөгө чон жардам берет [6].

Окутуу семинарлары, тренингдер, лекциялар, ролдук оюндар окутууну активдештирип, кызыгууну жаратат.

Ошондуктан, теория менен практика жогорку окуу жайда окуп жаткан ар бир инсан үчүн маанилүү, себеби, кийинки профессионалдык өсүү жолунда теория да, практика да өзүнүн берекелүү жемишин берет.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. *Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы). - Б.: 2004.*
2. *Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты/ 531100, Лингвистика, Бакалавр-2015.*
3. ***Кочетков М.В.** Теоретико-методологические основания и организационно-педагогические условия развития творческой личности преподавателя и студента. - М.: РАО, 2004. - 264 с.*
4. *Введение в лингвистику: учеб. пособие для студентов филол. и лингвист. фак. вузов / **А. Я. Шайкевич.** М.: Изд. центр "Академия", 2010.*
5. ***Леонтьев А.А.** Основы психолингвистики. М., 2008.*
6. ***Семенов А.Л.** Современные информационные технологии и перевод// М.: Издательский центр «Академия», 2008.*
7. ***Алексеева И. С.** Введение в переводоведение. - СПбГУ, 2012.*
8. ***Аликина Е.В.** Теория перевода первого иностранного языка [Электронный ресурс]: учебное пособие / Аликина Е. В. - Москва: Евразийский открытый институт, 2010. - 168 с.*
9. ***Рыспаева Ч. К.** Теоретические основы формирования профессиональной мотивации будущего учителя /Ч.К.Рыспаева // «Наука и инновационные технологии». -2021. - №1/2021 (18). -С.194-199.*
10. ***Рыспаева Ч. К.** Факторы формирования мотивации учебной деятельности у младших школьников /Ч.К.Рыспаева // Международный академический журнал «Webofscholar»(Киев). -2017. - №6(15). Киев, -С.71-74*